**Б.Т.ТУРУСБЕКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

К 13.22.653 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 372.8: 378 (575.2) (043.3)**

**ҮСӨН УУЛУ ЖЫРГАЛБЕК**

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА УЧУРУНДА БОЛОЧОКТОГУ ДЕНЕ ТАРБИЯ МУГАЛИМДЕРИН КЕСИПКЕ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Момуналиев Сатканбай**
педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын башчысы

**Официалдык оппоненттер:** **Кособаева Бакдоолот Махмудовна**
педагогика илимдеринин доктору, профессор,
КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууу жана кайра даярдоо институтунун табигый илимдер жана математикалык билим берүү кафедрасынын башчысы

**Тулобердиев Калыбек Кемелович,**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасы, адрес: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 25

Диссертацияны коргоо 2024-жылдын 19-мартында саат 15:00дө Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган К 13.22.653 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720064, Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 97. Диссертациялык иштин коргоосунун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vak.kg/k_13_22_653/s-n-uulu-zhyrgalbek/

Диссертация менен Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын (720064, Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 97), Б. Сыдыков атындагы Кыргыз–Өзбек Эл аралык университетинин (Ош ш., Г. Айтиев көч., 27) китепканаларынан жана https://vak.kg сайтынан таанышса болот.

Автореферат 2024-жылдын 19-февралында таркатылган.

Диссертациялык кеңештин илимий катчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г. Ж. Карагозуева

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Дене тарбия жана спорт боюнча адистерди кесиптик даярдоону модернизациялоо жараяны Кыргызстандын азыркы этаптагы билим берүү саясатынын жалпы стратегиясына эң маанилүү маселе болуп билим берүүнүн жогорку сапатына жетишүү, коомдун, инсандын жана мамлекеттин талаптарына дал келүүсү эсептелет. Учурда кесиптик дисциплиналар боюнча окуу сабактарынын системасында жана педагогикалык практика учурунда ишке ашырылуучу болочоктогу дене тарбия мугалимин кесиптик даярдоо проблемасын атайын окуп үйрөнүүдө зарылдыгы жаралды. Азыркы учурда болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын проблемасын өзгөчө изилдөө зарыл. Ал жалпы илимий жана атайын билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн комплекси, физикалык, эрктик, акыл-эс жана билимге болгон талаптар менен аныкталат. Адамдын моралдык сапаттары өзүнүн кесиптик милдеттерин аткара алат. Мугалимдердин алдында бир жагынан болочок мугалимдердин башка тармактарга кетип калуу ыктымалдыгын азайтуу, экинчи жагынан жогорку кесипкөйлүккө жетишүү үчүн дене тарбия тармагында жогорку билимдүү адистерди даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу маселеси турат. Демек, окуунун бардык жылдарында тигил же бул профессионалдык иш-аракетке түрткү берүүчү предметти түзүү идеясы өтүшү керек. Мында толук берилгендикти да, чыгармачылык активдүүлүктү да, ошондой эле жаратылышка мүнөздүү болгон бардык жөндөмдүүлүктөрдү жана университетте топтолгон билимдерди, шыктарды, жөндөмдөрдү өз алдынча ишке ашырууну күтүүгө болот.

Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан социалдык, маданий, саясий өзгөрүүлөр коомдун бардык чөйрөлөрүнө таасир этүүдө. Коомду өнүктүрүүчү күч, билим берүү тутуму болуп саналат. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары билим берүү тутумунда жогорку кесиптик билгичтиктерге ээ болгон педагогдор менен камсыз кылууга милдеттүү. Бул Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамында (2023), 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасында (2021), Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында (2021), Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясында (2021) каралган. Болочоктогу дене тарбия педагогдорун кесиптик билгичтиктерге калыптандырууда педагогикалык практиканын ролу чоң.

Педагогикалык практика учурунда кесипке калыптандыруу көйгөйлөрү окумуштуу педагогдорду дайыма ойлондуруп келген. Бул маселелерге В. Н. Максимова “Жогорку окуу жайларында педагогикалык практиканы уюштуруу

көйгөйлөрү" (1987), Г. В. Балахничева "Педагогикалык практика учурунда студенттердин социалдык-саясий активдүүлүгүн калыптандыруу" (1986), Н. И. Болдырев "Педагогикалык практика учурунда студенттерди класс жетекчиликке даярдоо проблемасы" (1972), А. Т. Калдыбаева, Ч. К. Рыспаева "Болочок мугалимдердин кесиптик мотивациясын педагогикалык практика процессинде калыптандыруу» (2021), С. Мадраимов, Б. Ж. Жамшутова, Б. А. Бекмурзаева «Болочок мугалимдердин кесипкөйлүк жактан калыптануусунда педагогикалык практиканын орду» (2021), М. Р. Нуркулова, Г. К. Нурманбетова «Организация педагогической практики студентов-важное направление подготовки педагогических кадров» (2021) ж.б. изилдөөлөрүндө орун алган.

Жалпысынан болочок мугалимдердин кесиптик жактан калыптандыруу, ден соолукту чыңдоо процессине арналган илимий изилдөөлөр бар. Алсак, Х. Ф. Анаркулов (2020), С. Момуналиев (2016), М. К. Саралаев (2016), И. С. Узакбаев (2013), А. Ж. Муратов (2015), А. Т. Калдыбаева (2023), К. Ч. Джанузаков (2020), Ч. К. Рыспаева 2018), А. М. Мамытов (2023), Т. Т. Иманалиев (2022), К. У. Мамбеталиев (2020), Д. О. Абдырахманова (2019), А. Жакипов (2019), А. А. Алимбеков (2019), Д. Б. Бабаев (2020), К. Д. Добаев (2018), Н. К. Сартбекова (2017), А. К. Чалданбаева (2016), Н. С. Бервинова жана Н. И. Шарабакин (2012), А. С. Касмалиева (2022), Л. И. Лисичкина (1990), М. К. Мамбетова (2023), С. В. Новикова (2022) ж.б. изилдөөлөрүндө аталган проблеманын айрым теориялык маселелери каралган.

Ошентсе да, жогорку окуу жайларында педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия педагогдорунун кесипке калыптануусунун педагогикалык негиздери теориялык жана практикалык жактан жеткиликтүү изилдене элек.

Педагогикалык практиканы уюштурууда азыркы учурда төмөнкүдөй карама-каршылыктар келип чыгууда:

- жогорку окуу жайларында педагогикалык практиканы системалуу уюштуруунун зарылдыгы менен анын илимий жактан жеткиликтүү негизделбегендиги;

- мектептердин окуу-тарбия иштерин жогорку деңгээлде өздөштүргөн чыгармачыл педагогдорго муктаждыгы менен азыркы дене тарбия педагогдорунун окуу-тарбия иштерине көңүл бурбагандыгынын ортосундагы карама-каршылык.

Көрсөтүлгөн карама-каршылыктарды чечүү зарылдыгы "Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу теманы тандап алууга өбөлгө түздү.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаровдун "Инсандын руханий –

адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” жарлыгын ишке ашыруу жана Ош мамлекеттик университетинин «Педагогика», «Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы», «Дене тарбиянын спорттун, теориясы жана методикасы» кафедраларынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипкөйлүккө калыптануусунун педагогикалык шарттарын негиздөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Илимий-методикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун маселелерин иликтеп чыгуу, практиканын ордун жана учурдагы абалын аныктоо.

2. Педагогикалык практика учурунда болочок дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун моделин ишке ашыруунун технологияларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.

3. Болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын структуралык-функционалдык моделин педагогикалык практика процессинде эксперимент аркылуу ишке ашыруунун натыйжалуулугун негиздөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

1. Изилдөө проблемасына байланыштуу илимий булактарды талдоонун негизинде болочоктогу дене тарбия педагогдорунун педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусунун теориялык негиздери аныкталып, мүмкүнчүлүктөрү системалаштырылды.

2. Системалуу ишмердүүлүккө жана инсанга багытталган мамилелердин негизинде келечектеги дене тарбия мугалимин педагогикалык практика процессинде кесиптик даярдоонун структуралык-функционалдык модели иштелип чыкты. Анын ичинде: максат коюу блогу, мазмундук, технологиялык, функционалдык жана башкаруу блоктору. Сунуш кылынган моделдин өзгөчөлүгү болуп келечектеги дене тарбия мугалими тарабынан кесиптик ишмердүүлүктүн индивидуалдык стилин ачууга көмөктөшүүчү педагогикалык практика процессинде инсанды кесиптик ишмердүүлүккө тартуу саналат.

3. Иштелип чыккан моделдин ЖОЖдордо болочок дене тарбия мугалимдердин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусуна натыйжалуу каражат экендиги педагогиалык эксперимент аркылуу аныкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Педагогикалык практика процессинде болочоктогу дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгын илимий-методикалык жактан камсыздоодо турат. Тагыраак айтканда, келечектеги дене тарбия мугалимдеринин педагогикалык

практикасынын программасын түзүүдө, анын ичине практиканын этаптары жана түрлөрү боюнча студенттердин окуу-педагогикалык тапшырмалары, педагогикалык практиканы уюштуруу жана өткөрүү боюнча инструкция, студент-практиканттардын жүрүм-туруму жана окуучулар менен өз-ара мамилелери үчүн сунуштар мектеп окуучуларынын дене тарбиясы боюнча педагогикалык ЖОЖдордун студенттери үчүн методикалык сунуштар кошо тиркелинет: “Өндүрүштүк педагогикалык практикасы”, “Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия педагогдорунун кесипке калыптануусу” кошумча өнүктүрүү программасы. Сунушталган темаларды илимий-методикалык жактан камсыздоо ЖОЖдогу педагогикалык практиканын бардык түрлөрүндө практиканттар тарабынан пайдаланылат, ошондой эле дене тарбия мугалимдери, студент-практиканттар, иштеринде да колдонулат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Педагогикалык практиканы уюштурууга карата иштелип чыккан модели жана мониторинги болочоктогу дене тарбия педагогдорунун кесипке калыптануусунун негизги фактору болуп саналат;

2. Педагогикалык практиканы уюштурууда ар кыл формаларды жана методдорду колдонуу болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун негизги шарты болот;

3. Болочок дене тарбия мугалиминин педагогикалык практика учурунда кесиптик даярдыгын арттыруунун педагогикалык шарттары, билим берүүнүн мазмуну, калыптануу деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аны баалоонун критерийлери атайын педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталышы практиканын эффективдүүлүгүн жогорулатат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Жогорку окуу жайларында педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун модели, мониторинги жана аны студенттердин өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган эффективдүү пайдалануунун технологиясынын иштелип чыгышы, “Мектеп тибиндеги жайкы лагерлерде балдардын ден соолугун чыңдоосун уюштуруу” педагогикалык практикасын дене тарбия жана спорт адистигин даярдаган ЖОЖдордун окуу планына киргизүүгө сунушталышы.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.**

- “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясында (июнь 2022-ж., Бишкек); III Эл аралык симпозиум, түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары («Манас» КТУ 22-23-ноябрь); Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр” илимий журналында; Эл аралык Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары симпозиумунда

(Бишкек-2020); “Университеттик спорт: улуттун саламаттыгы жана өнүгүшү” аттуу темасында медицина илимдеринин доктору, профессор Б.Т. Турусбековдун жаркын элесине арналган “Студенттердин жана жаш окумуштуулардын XII Эл аралык конференциясында (Чолпон-ата шаары, 4-8- сентябрь, 2023); Туркия Республикасынын 100 жылдыгына арналган “Түрк элдеринин салттуу спорт оюндарынын” XII Эл аралык симпозиумунда (Бишкек, КТМУ 10-13- октябрь, 2023);

- илимий жыйнактардагы изилдөөнүн натыйжаларын жарыялоо аркылуу;

- ОшМУнун кеңешмелеринде, педагогика жана дене тарбия факультетинде, ОшМУнун дене тарбиянын теориясы жана методикасы кафедрасынын отурумдарында, окуу-методикалык семинарларында баяндамалар жасалды.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну боюнча жана анын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган басылмаларда 12 илимий макала, анын ичинде бир методикалык колдонмо, педагогикалык практиканын программасы жарык көрдү. Алардын баары диссертациянын мазмунуна толук ылайык келет жана кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы бети-181, пайдаланылган адабияттардын тизмеси-139, таблицалар-12, сүрөттөр-8, тиркемелер-7.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу негизделүү менен изилдөөнүн проблемасы, максаты, гипотезасы, милдеттери, теориялык-методологиялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболор, практикалык мааниси, изилдөөнүн этаптары мүнөздөлүп көрсөтүлүү менен апробация жана изилдөөнүн жыйынтыктары жөнүндөгү маалыматтар келтирилип, изденүүчүнүн жеке салымы ачылып берилген.

Диссертациялык изилдөөбүздүн биринчи бапы **«Педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалимдеринин кесиптик даярдыгын изилдөөнүн теориялык - практикалык маселелери»** деп аталып, ***изилдөөнүн биринчи милдетин чечүүгө арналып***, педагогикалык практиканын учурунда болочок дене тарбия мугалимдерин кесиптик жактан калыптандыруунун теориялык негиздерине талдоо жүргүзүлүп жана бүгүнкү коомдун шартына ылайык социалдык-педагогикалык мазмуну такталды.

Педагогикалык практика учурунда социалдык-педагогикалык жана адистик мамилелерди бүтүндүктө сактоо менен практикадан өтө турган студенттердин илимий-чыгармачыл өз алдынчалыкта болушу жөнүндө Л. Т. Кикнадзе (1986), Л. А. Трепоухова (1983), Г. С. Трофимова (1990), Н. А. Половникова (1985), К. А. Ширкевич (1985), Ш. Д. Оморов (2013), Н. И. Шарабакин (2003), Х. Ф. Анаркулов (2008) ж.б. өз пикирлерин билдиришкен.

Педагогикалык ишмердүүлүктөрдү уюштурууда, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн өнүгүшү жана өз алдынчалыкты өнүктүрүүнүн теориясы О. А. Абдуллинанын (1990), М. М. Махмутовдун (1975), А. М. Мамытов (2014) ж.б. эмгектеринде белгиленип, жогорку окуу жайында ишмердүүлүктөрдү уюштуруу туруктуу мүнөзгө ээ болушун зарылдыгы каралган.

Бул процессти Б. П. Зязин: «Биз үчүн адамдын өзүнүн кесибине аң-сезимдүү калыптануусу приоритет болуп саналат» десе, студент-практикалык ишмердүүлүк тажрыйбада «үйрөнүү» мүмкүнчүлүгүнө ээ боло тургандыгын Э. А. Васильева да белгилейт.

Ошондуктан окумуштуу психологдор Л. С. Выготский, С. Л. Рубинштейн ж.б. кесипке калыптануунун негизги компоненти өзүн-өзү өнүктүрүү деп эсептешет (2000). Демек, мындан педагогикалык практика учурунда мугалимдин өзүн-өзү өнүктүрүүсү анын деңгээлинин негизги көрсөткүчү катары аныкталат.

Э. В. Гапон “Инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсү − бул өзүнүн жашоодогу инсандык максаттарын ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруу үчүн максаттуу чыгармачыл ишмердүүлүккө багытталган процесс”- деп белгилесе (1991), В. А. Сластенин “Кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүнү, сырткы жана ички инсандык калыптануунун интеграциясы”- деп аныктайт (1982).

Демек, педагогикалык практика учурунда кесиптик ишмердүүлүгүнө таасир берүүчү кесиптик касиеттерин калыптандырууга жана өнүктүрүүгө байланышкан инсандын динамикалык өнүгүү касиетин, студенттин кесипке калыптануусу деп түшүнсөк болот. Педагогикалык практика учурунда мугалимдердин кесипке калыптануусу сырткы жана ички факторлордон көз каранды. Сырткы факторлорго төмөндөгүлөр кирет: билим берүүнүн багыты; студенттик коомдун инсандык өсүүгө карата мамилеси; болочоктогу мугалимдердин кесипке калыптануусуна психологиялык-педагогикалык коштоо.

Мугалимдердин кесипке калыптануусуна сырткы факторлор чоң роль ойногондугуна төмөндөгү изилдөөлөрдү негизги деп эсептедик: “Педагогикалык процесске системалуу мамиле” (Е. А. Васильева (1980), Ж. У. Байсалов (2000), К. М. Торогельдиева (1999), Ш. Д. Оморов (2013), И. В. Блаубер (2005), Э. Г. Юдин (1984), Ч. Н. Асаналиева (2023) ж.б.); “Мугалимдин

кесиптик маданияты” (Е. П. Морозов (2001), А. И. Мищенко (1991), В. А. Сластенин (1982), А. М. Мамытов (2016) ж.б.); “Болочоктогу мугалимдердин психологиялык-педагогикалык даярдыктарын тереңдетүү” (Н. И. Болдырев (1972), В. А. Сластенин (1985), В. Т. Максимов (1997), Ю. Г. Круглов (2000), М. К. Мамбетова (2023) ж.б.); “Студенттердин инновациялык ишмердүүлүктөрүн өстүрүү” (И. Б. Бекбоев (2013), Е. П. Морозов (2006), П. И. Пидкасистый (2001), В. А. Сластенин (1991) ж.б.); “Мугалимдерди маданияттын баалуулуктарына тартуу” (Н. С. Дежникова (2000).

Чындыгында, студент педагогикалык практика учурунда ар кандай шарттарга көз карандысыз, активдүү субъект катары окуу жараянына тиешелүү милдеттерди өзүнө коюу менен өзүнүн ишмердүүлүгүнүн стратегияларын иштеп чыгат. Анткени жаратуу, иштеп чыгуу, өзгөртүү, активдүү иш-аракети, эркиндикте болушу, адамдын өзүндөгү детерминациялык иш-аракеттерге болгон жөндөмдүүлүк − бул инсандын сырткы айлана - чөйрөдөн көз карандысыздыгы болот. Мугалимдин кесипке калыптандырылышы инсандын касиеттеринин бүтүндүк системасынын атайын интеграциясы аркылуу коштолуу менен анын багыттуулугу болочоктогу дене тарбия мугалиминин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусу анын инсандык активдүүлүгүн аныктайт.

Педагогикалык практика теориялык окуудан өзүнүн конкреттүүлүгү менен айырмаланып, ал студенттердин теориялык билимдерин, көндүмдөрүн толуктайт, илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт жана педагогикалык тажрыйбаларды жалпылайт, мугалимдик кесиптин коомдогу маанисин ачат, кесиптик билим, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандырат жана жогорку окуу жайындагы окуу жараянына оң таасир бергендиги менен өзгөчөлөнөт.

Бул процессти Н. И. Болдырев педагогикалык практика окуу тарбия иштерине көндүмдөргө ээ болуучу болочоктогу мугалимдерди даярдоо системасынын курамдык бөлүгү катары караса (1980), Е.А.Васильева педагогикалык практиканын мугалимдердин кесипке калыптануусуна чоң роль ойной тургандыгын белгилейт (1990). Н. З. Еловая педагогикалык ишмердүүлүккө кесиптик кызыгууну калыптандыра тургандыгын көрсөтөн (1991). Л. А. Трепоухова педагогикалык практиканы жаңы мазмундар менен толуктап туруу керектигин белгилейт (1992).

Педагогикалык практикага Ш. Д. Оморов (2013) традициялык ишмердүүлүк катары карабастан, мугалимдин ишмердүүлүгүн өздөштүрүүгө сын көз караштa кароо менен ар кандай өз алдынча баалуу педагогикалык иш-аракеттерди иштеп чыгуу деп мамиле жасоо, учурдун талабы дейт.

Жогорудагы окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн жыйынтыгынан педагогикалык практика учурунда дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун бир катар педагогикалык шарттарын бөлүп алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

1. Педагогикалык практиканын мазмунун жаңылоо;

2. Студенттердин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусун болочоктогу мугалимдердин даярдыктарынын компоненти катары кароо;

3. Педагогикалык практиканы активдештирүүчү мүмкүнчүлүктөрүн ачуу жана баалоо;

4. Педагогикалык практика учурунда дене тарбия мугалимдеринин кесиптик калыптануусунун факторлорун камсыздоо.

Педагогикалык практиканы уюштурууда иштелип чыккан педагогикалык шарттарды пайдалануу, студенттердин кесиптик калыптануусуна мүмкүнчүлүк түзүлүү менен, алардын инсандык жана кесиптик сапаттарга ээ болуусуна алып келе тургандыгын изилдөөлөр көрсөттү. Педагогикалык практиканын негизги максаты болуп, ар кандай шартта иштеп кетүүгө жөндөмдүү, компетенттүү инсан, мугалим жана кесиптик ишмердүүлүктүн субьектисинин калыптануусуна шарттарды түзүү.

Экинчи баптын **"Изилдөөнүн объектиси, предмети, педагогикалык практика учурунда болочок мугалимдердин кесипке калыптануусун изилдөө материалдары жана методдору"** деп аталган экинчи бапта ***изилдөөнүн экинчи милдетин чечүүгө арналып***, белгилүү болгондой илимий изилдөө кандайдыр бир методдорго жана методологияга негизделет. Илимий изилдөөнүн методологиялык негиздерин педагогикалык практиканын учурунда болочок педагогдун кесиптик даярдыгын калыптандыруунун ыкмалары, принциптери жана педагогикалык шарттарын жогорулатуунун методикасы, изилдөө методдору талданып, болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгын жогорулатуунун теориялык модели жана педагогикалык шарттары көрсөтүлгөн.

**Изилдөөнүн обьектиси:** болочоктогу дене тарбия педагогдорунун кесиптик даярдыгынын педагогикалык практика учурунда калыптануусунун жараяны.

**Изилдөөнүн предмети:** болочоктогу дене тарбия педагогдорунун кесиптик билим менен чеберчиликтерин педагогикалык практика учурунда калыптануусунун жана тереңдетүүнүн конкреттүү жол-ыкмалары.

**Изилдөөнүн методологиясы жана методдору.** Педагогикалык практика учурунда болочок педагогдун кесиптик жактан калыптандыруу ишинде **«метод»** жана **«методология»** деп аталган илимий терминдердин маанисине түшүндүрмө берилди жана изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин педагогикалык практика учурунда болочок дене тарбия мугалимдин кесипке калыптандыруу маселелерин ачып берген философиялык, психологиялык жана педагогикалык өңүттөгү теориялык

эмгектерине таяндык. Педагогикалык практика учурунда болочок дене тарбия мугалиминин кесипке калыптануусунун методологиялык негизин төмөндөгүдөй ыкмалар түздү: ишмердүүлүк ыкма, системалуу ыкма, технологиялык ыкма, практикалык- багыттагы ыкма.

Ал эми **метод** (грекчеден methodos – жол, ыкма, изилдөө, теория, окуу) түшүнүгүнө талдоо берилип, илимий таанымдын жалпы методдору, эреже катары, изилдөө үч этапта өткөрүлүп, ар бир этапта, анын милдеттерине байланыштуу шарттуу түрдө төмөнкүдөй **изилдөөнүн методдору** колдонулду: - **теориялык:** илимий адабияттын, педагогикалык практиканын программаларынын, практиканттардын күндөлүктөрүнүн, отчетторунун, чыгармачылык иштердин, көзөмөлдүк тапшырмалардын, мүнөздөмөлөрдүн теориялык талдоо, теориялык моделдештирүү; - **эмприкалык:** тажрыйбалык иш, байкоо жүргүзүү, анкеталоо, тестирлөө, аңгемелешүү, сурамжылоо, математикалык-статистиканын методдору. - изилденүүчү көйгөй боюча илимий-методикалык адабияттардын теориялык талданышы: анкета жүргүзүү, аңгемелешүү, тесттерди алуу жана алардын жыйынтыктарын анализдөө (студенттер, дене тарбия мугалимдери жана методисттер). Педагогикалык эксперимент жүргүзүү, ага сандык жана сапаттык талдоо жүргүзүү.

Андан тышкары студенттердин педагогикалык практиканын уюштурууда болочок педагогдордун кесиптик даярдыгын калыптандырууда педагогикалык жараянды уюштурууда колдонуучу принциптерге таяндык: үзгүлтүксүз билим берүү принциби, интеграциялык принциби, мектеп окуучуларынын жаш - куррактык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу принциби, ырааттуулук принциби, индивидуалдаштыруу принциби, педагогикалык практиканы өткөрүүнүн этаптарынын жана тепкичтеринин шайкештиктерин камсыздаарын белгиледик.

**«Модель»** жана **«моделдештирүү»** түшүнүктөрүнүн мазмунуна токтолуу менен улантсак. В. А. Штоф (1995) аттуу изилдөөчүнүн аныктамасы боюнча педагогикадагы модель – бул изилденип жаткан объекттин мүнөздөмөлөрүн (компоненттерин, элементтерин, касиеттерин, сапаттарын, параметрлерин) таанып билүү максатында атайы түзүлгөн, же тандалып алынган система. Бул система изилденип жаткан объектти алмаштыра алат, же аны толугу менен чагылдыруу жөндөмүнө ээ болгондуктан, объект тууралуу билимдерди жана маалыматты алуунун кыйыр ыкмасы катары эксперименталдык текшерүүгө мүмкүндүк берет.

Биздин изилдөөнүн предметинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен биз коюлган проблеманы эффективдүү чечүү үчүн системалуу, ишмердүүлүккө жана инсанга багытталган мамилеге таянуу зарыл. Системалуу мамилени пайдалануу төмөнкүлөрдү болжойт: педагогикалык практика процессинде


болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын модели системалуу өзгөчөлүктөргө ээ болот; анын курамынын толуктугун камсыздоо жана аныктоо максатында моделдин ар бир компоненти изилденет; структуралык байланыштарынын жыйындыларынын бардыгы аныкталып, зарыл болгон учурда өзгөрөт; моделдин айрым компоненттеринин иштөө механизми аны бүтүндөй уюштуруу илимий негизде башкаруу каралат; моделдин өнүктүрүү тенденциялары аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамында (2023), Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында (2021) жана Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясында (2021) көрсөтүлгөн мамлкекеттин жана коомдун социалдык заказына ылайык, системалуу, ишмердүүлүккө жана инсанга багытталган мамилелердин негизинде биз тараптан педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын структуралык-функционалдык модели иштелип чыгылды (2.1-сүрөт).

Педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын иштелип чыгарылган структуралык-функционалдык моделинин өзгөчөлүгү педагогикалык практика процессинде кесиптик ишмердүүлүккө инсандын тартылгандыгы эсептелет. Ал болочоктогу дене тарбия мугалиминин кесиптик ишмердүүлүгүнүн жекече стилин калыптандырууга өбөлгө болот. Бул ишмердүүлүктүн өзгөртүүчү мүнөзү калыптануучу инсандын муктаждыгы менен шартталган. Ал эми бул муктаждыкты канааттандыруунун натыйжасы жекече чыгармачылык потенциалын ачуунун фундаменти, алгачкы негизи болуп эсептелет.

Сунушталуучу моделдин структуралык компоненттери педагогикалык практиканы уюштуруунун максатын, милдеттерин, мазмунун, уюштуруучулук формаларын жана методдорун ачып берет жана бул процесстин элементтеринин арасындагы өз ара аракеттенүүлөрдү такай калыбына келтирүүсүнө жооп берет. Функционалдык компоненттер структуралык компоненттердин туруктуу базалык байланыштарын өзү тараптан көрсөтүп турат. Б.а. анын кыймылын, өнүгүүсүн жана өркүндөөсүн шарттап, моделдин функцияларын, уюштуруу иштеринин жолдорун көрсөтөт.

Педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын белгиленген компоненттерине ылайык биз моделге төмөндөгү блокторду кошобуз: максатты болжоо блогу, мазмундук, технологиялык, функционалдык, башкаруучулук.




2.1-сүрөт – Педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын структуралык-функционалдык модели.

Педагогика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын максаты мамлекеттин, коомдун социалдык заказы менен аныкталат жана анын кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатууда турат. Берилген максат төмөндөгү милдеттерде конкреттештирилет: дене тарбия боюнча педагогдун атайын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн студенттерде калыптангандыгынын деңгээлин көтөрүү, алар болочоктогу дене тарбия мугалиминин кесиптик ишмердүүлүгүнүн жекече стилин калыптандырат.

Жогоруда аталган милдеттерге ылайык, уюштуруучулук, окуу-методикалык жана изилдөөчүлүк компоненттерди алдын-ала караштыруучу, педагогикалык практика процессинде дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын мазмундук аспектин биз аныктадык.

Окуу процессинде болгон бүтүндүк мамиле идеясы студенттин инсандык даярдыгынын бардык деңгээлдеринин органикалык байланышын жана өз ара шартталгандыгын эске алуу зарылдыгын аныктайт. Демек, көз карандылыктардын системасынын өнүгүүсүнүн жана ар бир деңгээлинин талаптарына ылайык, студенттин ишмердүүлүктү ишке ашыруусун камсыздоочу, окутуунун формаларынын, методдорунун жана каражаттарынын мыйзам ченемдүү айкалыштарын изилдөө зарыл болот. Ошентип болочоктогу адистин кесиптик даярдыгынын структуралык-функционалык моделинде педагогикалык процесстин формаларынын, методдорунун жана уюштуруу каражаттарынын мыйзам ченемдүү айкалышуусу аныкталган. Алардын анык баяндамасы диссертацияда көрсөтүлгөн.

ЖОЖдогу педагогикалык практика бир нече функцияларды аткарат: адаптациялык, окуучулук, тарбиялоочулук, өнүктүрүүчүлүк, диагностикалык. Ошентип педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын модели окшош функцияларды аткарат.

**Адаптациялык функция** биринчи этапта студенттер билим берүүчү мекемелердин окуу-тарбия иштерин уюштуруунун ар кандай түрлөрү менен таанышышат, балдар менен өз ара мамиле түзүүгө үйрөнүшөт, педагогикалык процесстин ритмине көнүшөт. Педагогикалык ишмердүүлүктүн кубана турган жана кыйын жактарын элестетип калышат.

**Окутуучулук функция** практиканын кесиптик-педагогикалык ишмерүүлүккө даярдоо этаптарынын бири катары кароодон көрүнөт, теориялык билимдерди бекемдөөдөн же аларды колдонуудан эмес, ага даярдоо этабынын дал өзүнөн көрүнөт. Ошол эле учурда теориялык алган билимдерин конкреттүү ишмердүүлүктө колдонушат.

**Тарбиялоочу функция** студенттер кесиптик ишмердүүлүктүн өздүк стили жөнүндө ойлонуусунан көрүнөт. Ошону менен бирге инсандын болочоктогу кесиптик ишмердүүлүктөрүнө дилгирлентүү менен педагогикалык маданияты калыптанат.

**Өнүктүрүүчүлүк функция** болочоктогу мугалимдердин педагогикалык жөндөмдүүлүктөрү өнүктүрүлөт. Студент мугалим катары ойлонуп, иш-аракеттерди жүргүзө баштайт.

Азыркы этапта мугалимди даярдоодо **диагностикалык функция** эң маанилүүлөрдүн бири болуп эсептелет. Ал студентке анын инсандык жана кесиптик маанилүү сапаттардын өзгөрүүсүнө, көз чаптыруусуна мүмкүндүк берет. Студент-практикант өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүнүн жетишкен жана жетишпеген жактарын анализдеп жана баалап, ага карата иш аракеттерди жасайт.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарында адистерди даярдоонун сапатын көзөмөлдөөнүн традициялуу формалары киргизилген. Тагыраак айтканда сынактарды өткөрүү, курстук жана квалификациялык иштерди жазуу. Бирок, практика көрсөтүп тургандай сапатты көзөмөлдөөнүн бул формалары окулган дисциплиналар боюнча алынган билимдердин бекемдигин жана көлөмүн ишенимдүү, жетишерлик тактоого мүмкүндүк бербейт. Ошондуктан педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын мониторингин өткөрүү зарылчылыгы келип чыгат. Аны биз окулуучу проблеманын абалын баалоонун бара-бара ишке ашуучу процесси катары, дене тарбия боюнча кесиптик даярдыктын натыйжалуулугун жогорулатуучу факторлору катары анализдейбиз жана ЖОЖдо педагогикалык практиканы уюштуруунун оптималдуу мазмунун аныктайбыз.

Системалык, ишмердүүлүккө жана инсанга багытталган ыкмалардын негизинде келечектеги дене тарбия мугалиминин педагогикалык практика процессинде кесиптик даярдыгын көзөмөлдөө үчүн эвристикалык-алгоритмдик көрсөтмөлөр иштелип чыккан, анын ичинде: кесиптик максаттардын педагогикалык таксономиясын аныктоосун окутуу, уюштуруу жана даярдоо иштери, кесиптик даярдоонун динамикасын диагностикалоо, диагностикалык натыйжаларды талдоо жана талкуулоо, инсандын кесиптик даярдыгын болжолдоо, структуралык-функционалдык моделдин мазмунун оңдоо, жүргүзүлүп жаткан диагностика, структуралык-функционалдык моделди өзгөртүү жана акыркы диагностика.

Изилдөөнүн экинчи бапында келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик ишинин индивидуалдык стилин өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык практика процессинде кесиптик даярдыгынын натыйжалуулугуна сунушталган структуралык-функционалдык моделди ишке ашыруу аркылуу жетишилет деген тыянак менен жыйынтыкталат.

**"Педагогикалык практика процессинде болочоктогу дене тарбия мугалимдерин кесиптик жактан даярдыгын эксперименталдык изилдөөнүн натыйжалары"** деп аталган үчүнчү бапта ***изилдөөнүн үчүнчү милдетин чечүүгө арналып,*** эксперименталдык-изилдөө иштеринин максаты

жана милдеттери аныкталып, кесиптик даярдоонун структуралык-функционалдык моделин ишке ашыруу боюнча иштердин негизги багыттары баяндалып, болочок дене тарбия мугалими окуу практикасы процессинде жана анын мониторингинде, педагогикалык эксперимент иштеринин натыйжалары талданат. Эксперименталдык изилдөө иштеринин максаты сунушталган изилдөө гипотезасын текшерүү болгон. Алдыга коюлган максаттын негизинде төмөнкүдөй милдеттер түзүлдү: келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын баштапкы деңгээлин аныктоо; келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын структуралык-функционалдык моделин педагогикалык практика процессинде ишке ашыруу; мониторинг жүргүзүү менен алынган маалыматтарды педагогикалык экспериментте текшерүү.

**Калыптандыруу этабында** изилдөө катышуучулары 210 студент; 6 университеттин окутуучусу; 5 мектеп мугалимдери изилдөө иштерине катышышты. Иштелип чыккан моделдин максатка ылайыктуулугун жана эффективдүүлүгүн текшерүү максатында тажрыйбалык- изилдөө иши жүргүзүлдү. Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун талаптары, принциптери жана аны моделдештирүүнүн шарттары иштелип чыгылды. Иштелип чыккан педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун моделин ишке ашыруунун технологиялары аныкталды. Педагогикалык практиканы уюштуруу боюнча программа, методикалык көрсөтмө жана методикалык колдонмолор иштелип чыгылды.

Эксперименталдык-изилдөө иштеринин максатына ылайык, биринчи этапта төмөнкү иш-чаралардын комплексин камтыган ырастоочу эксперимент жүргүзүлдү:

1) окутуу процессинде болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын реалдуу абалын изилдөө практикасы;

2) болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлин аныктоо.

Студенттер менен мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн анкета аркылуу сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча педагогикалык университетте болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгына педагогикалык практика процессинде жетишерлик көңүл бурулбай жатканы, биздин оюбузча, психологиялык, педагогикалык жана методикалык сунуштардын жоктугунун негизинде бул нерсе жаралган.

Натыйжалар келечектеги дене тарбия мугалиминин критериалдык деңгээлдеги шкалага ылайык кесиптик даярдыгын адаптацияланган диагностикасынын негизинде иштелип чыккан. Болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлин баалоонун критерийлери болуп дене тарбия мугалиминин атайын билими, билгичтиги жана көндүмдөрү

(уюштуруучулук, долбоорлоочулук, илимий изилдөөлөр) болгон. Болочок дене тарбия мугалиминин профессионалдык даярдыгынын деңгээлинин динамикасын аныктоо үчүн үч деңгээлди аныктадык: төмөнкү, орто, жогорку.

Тажрыйбалык-изилдөө ишинин келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын критериалдык-деңгээлдик шкаласына анык мүнөздөмө берүү зарыл болот жана изилденүүчү процессти калыбына келүүчүдөй кылуу үчүн аларга жетүүнүн критерийлери көрсөтүлөт (3.1-таблица).

3.1-таблица – Келечектеги дене тарбия педагогунун кесиптик даярдыгынын критериалдык- деңгээлдик шкаласы

| **Деңгээлдер** | **Критерийлер** | **Белгилер** | **Көрсөткүчтөрү** |
|---|---|---|---|
| **Төмөнкү** | Билимдер | Уюштуруучулук | Дене тарбиясында жана спорттук даярдыкта комплекстүү көзөмөлдү уюштуруунун методдорун билет. |
| | | Проектилөөчүлүк | Сабакты кантип даярдоону жана өтүүнү билет. |
| | | Изилдөөчүлүк | Илимий-изилдөө ишин уютуруунун жана өткөрүүнүн методдорун билет. |
| | Билгичтиктер | Уюштуруучулук | Сабакта окуучулардын продуктивдүү ишмердүүлүгүн уюштура билет. |
| | | Проектилөөчүлүк | Дене тарбия сабагынын, тарбиялык иш-чаранын планын түзө билет. |
| | | Изилдөөчүлүк | Психологиялык-педагогикалык адабият менен иштөөнү билет, педагогикалык изилдөө методдорун колдоно билет. Тажрыйбаны жалпылай билет. |
| | Көндүмдөр | Уюштуруучулук | Сабакта окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштурууну билет |
| | | Проектилөөчүлүк | Дене тарбиясы боюнча иш-чараларды пландаштырат жана өткөрөт. |
| | | Изилдөөчүлүк | Методикалык адабият менен иштейт, изилдөө методдорун колдонот. |
| **Орточо** | Билимдер | Уюштуруучулук | Окутуунун жана тарбиялоонун методдорун жана формаларын туура тандоону билет. |
| | | Проектилөөчүлүк | Сабакты кантип оптималдуу даярдоону жана өткөрүүнү билет. |
| | | Изилдөөчүлүк | Педагогикалык изилдөө методдорун билет жана аларды эпизоддуу пайдаланат. |
| | Билгичтиктер | Уюштуруучулук | Окуучулардын продиктивдүү ишмердүүлүн уюштура билет жана алдын ала көрүнбөгөн жагдайларда өз ишмердүүлүгүн жаңыча колдоно билет. |
| | | Проектилөөчүлүк | Окутуунун жана тарбиялоонун эффективдүү формаларын жана методдорун пайдаланып, класстан тышкаркы иш-чаранын планын, сабактын планын түзүүнү билет. |
| | | Изилдөөчүлүк | Педагогикалык изилдөө методун колдоно билет. |

*3.1-таблицанын уландысы*

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Көндүмдөр | Уюштуруучулук | Кызыгууну жана чыгармачылыкты стимулдаштыруу менен окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштурат. |
| | | Проектилөөчүлүк | Жанычыл элементин пайдаланып, иш-чараларды пландаштырат жана өткөрөт. |
| | | Изилдөөчүлүк | Айрым проблемалар боюнча микроизилдөөлөрдү өткөрөт. |
| **Жогорку** | Билимдер | Уюштуруучулук | Дене тарбиялык- ден соолукту чыңдоочу спорттук иш-чаралардын методикасын билет. |
| | | Проектилөөчүлүк | Сабакты кантип чыгармачылк менен пландаштырууну жана өткөрүүнү билет. |
| | | Изилдөөчүлүк | Педагогикалык изилдөөлөрдү уюштуруунун методдорун, дене тарбиясынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн билет. |
| | Билгичтиктер | Уюштуруучулук | Окуучулардын жекече жана жамааттык ишмердүүлүгүн эсебинен зарыл болгон көңүл бөлүүгө, тартипке, натыйжага жете билет. |
| | | Проектилөөчүлүк | Дифференцияланган, инсанга багытталган тапшырмаларды милдеттерди, маселелерди тандай билет. |
| | | Изилдөөчүлүк | Эксперименттерди пландаштырууну, өткөрүүнү билет жана аларды чыгармачыл анализге дуушар кылат. |
| | Көндүмдөр | Уюштуруучулук | Сабакта окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун каражаттарын, методдорун жана формаларын эффективдүү колдонот. |
| | | Проектилөөчүлүк | Окуу ишмердүүлүгүнө сабатуу жетекчилик кылат, окутуунун жана тарбиялоонун жекече стилине ээ. |
| | | Изилдөөчүлүк | Билим берүү процессинин жүрүшү жөнүндө маалыматтык жыйынтыктарды алуу максатында изилдөөчүлүк көндүмдөрдү пайдаланат. |

Эксперименталдык-изилдөө иштеринин аныктоо стадиясынын маалыматтарынын негизинде (3.2-таблица) келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу үчүн атайын иштелип чыккан структуралык-функционалдык моделди ишке ашыруу жана келечектеги дене тарбия мугалиминин педагогикалык практиканын процессинде кесиптик даярдыгын көзөмөлдөө зарыл деген тыянак чыгарылды.

Тажырыйбалык-изилдөө ишинин аныктоочу этабынын экинчи багытын жүзөгө ашыруунун натыйжасы катары – болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлин аныктоо эсептелди (3.2-таблица).

3.2-таблица – Келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээли нөлдүк сыноо (срез) (нулевой контрольный срез)

| Топтор | Адамдын саны | Келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлдери | | | | | | X | S |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | I.Төмөнкү | | II.Орточо | | III.Жогорку | | | |
| | | саны | % | саны | % | саны | % | | |
| КТ1 | 25 | 17 | 68,8 | 8 | 31,2 | 0 | 0,0 | 1,31 | 0,48 |
| КТ2 | 23 | 15 | 64,3 | 8 | 35,7 | 0 | 0,0 | 1,36 | 0,50 |
| ЭТ1 | 24 | 16 | 66,7 | 8 | 33,3 | 0 | 0,0 | 1,33 | 0,49 |
| ЭТ2 | 23 | 17 | 71,4 | 6 | 28,6 | 0 | 0,0 | 1,29 | 0,47 |

Таблицадан көрүнүп тургандай КТ1 де кесиптик даярдыктын төмөнкү деңгээлине ээ болгон студенттердин саны 68,8%, КТ2 де 64,3%, ЭТ1 де 66,7%, ЭТ2 де 71,4% ды түздү. Кесиптик даярдыктын орточо деңгээлине ээ болгон студенттер КТ1 де 31,2%, КТ2 де 35,7%, ЭТ1 де 33,3% , ЭТ2де 28,6% ды түздү. Тажырыйбалык-изилдөө ишинин аныктоочу этабынын натыйжасында студенттердин көпчүлүк бөлүгү кесиптик даярдыктын төмөнкү деңгээлинде болушту. Бардык тайпалардын 32% га жакыны кесиптик даярдыктын орточо деңгээлин көрсөтүштү.

Педагогикалык практикада студент-практиканттардын кесиптик компетенцияларды калыптандыруу жараянына коюлган талаптардын ырааттуулугу матрицага таянууну сунуштайт (3.3-таблица).

3.3-таблица – Педагогикалык практикаларда калыптануучу компетенциялардын матрицасы (деңгээлдери боюнча)

| № | Практиканын аталышы / кредити | Курс / семестр | Компетенциялардын коду | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | ОК-1 | ПК-2 | ПК-3 | ПК-4 | ПК-5 | ПК-8 | ПК-12 | ПК-14 | ПК-19 | ПК-20 |
| 1 | Окуу практика (таанышуу) / 2кр. | 2/4 | Ж | | | | | | | Ж | | |
| 2 | Кесиптик-базалык педагогикалык практика /4кр. | 3/6 | | Ж | | | Ж | | | | | |
| 3 | Өндүрүштүк практика / 2кр. | 3/6 | | | Ж | Ж | | | Ж | | | |
| 4 | Кесиптик-профилдик педагогикалык практика/ 7кр. | 4/8 | | | | | | Ж | О | | Ж | Ж |

Кесиптик компетенциялардын матрицасы көрсөтүп тургандай тиешелүү компетенциялардын таасир этүү даражасын жогорку, орто, төмөн деп үч деңгээлге бөлүп кароого болот.

**Контролдук эксперимент этабында** педагогикалык практиканын учурунда практикант-студенттердин кесиптик көндүмдөрүн (компетенциялардын калыптанышынын көрсөткүчтөрү) өздөштүрүүнүн натыйжалары текшерилип, студенттерди кесиптик чеберчиликти жана кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча текшерүүчү жана эксперименталдык топтордун студенттерин өздөштүрүү деңгээли боюнча бөлүштүрүү болду (учурдагы контролдоо натыйжалары). Андан тышкары комплекстүү текшерүүчү иштин жыйынтыгы боюнча кесиптик иш-аракеттердин калыптанышы жөнүндө маалыматтар алынды (аралык текшерүү). Контролдук (КТ1, КТ2) жана эксперименталдык (ЭТ1,ЭТ2) топтордо практикант-студенттердин кесиптик көндүмдөрүн өздөштүрүү динамикасы түзүлдү. Контролдук этапта методикалык билимдердин жана педагогикалык-психологогиялык көндүмдөрдүн калыптанышын этап-этабы менен байкоо жүргүзүү процессинде өндүрүштүк практикада болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик дааярдыгын жогорулатуунун жыйынтыктары талданды (жыйынтыктар боюнча учурдагы контролдун, аралык текшерүүнүн). Жыйынтыгында 95 студент; 4 университеттин окутуучусу катышты.

Изилдөөнүн кийинки этабында контролдук топтун студенттери Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык, салттуу методика боюнча, эксперименталдык топтор кесиптик ишин этап-этабы менен жана комплекстүү болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгын калыптандырууну ишке ашыруу үчүн, педагогикалык шарттарды текшерүү боюнча иш-чараларды камтыды. Мындай иш-чараларга төмөнкүлөр кирет: 1) көп деңгээлдүү тапшырмалар; 2) окуу сабагынын конспектисинин жаңы түзүмү; 3) учурдагы контролду жана аралык текшерүүнү өткөрүү үчүн жаңы колдонмолор.

Алдыга коюлган гипотезаны тастыктоо үчүн эксперименталдык изилдөө иштеринин калыптандыруучу этабы жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын структуралык-функционалдык моделинин максатка ылайыктап, ага мониторинг жүргүзүү жана натыйжалуулугу педагогикалык практика процессинде текшерилген.

Педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалимин кесиптик даярдоо проблемасын теориялык жактан изилдөө бул процессти уюштуруучулук, долбоорлоочулукту өздөштүргөндөн баштап моделди куруунун логикасына ылайык ишке ашыруу керек деген тыянакка келүүгө мүмкүндүк берди. Себеби дене тарбия мугалиминин илимий-изилдөөчү

билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү – бул келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгы педагогикалык практика процессинде курулууга тийиш болгон негиз.

Педагогикалык практика бир нече этапта өтөт, алардын ар бири үчүн студенттердин кесиптик даярдыгын эске алуу менен курстан курска татаалдашып, өз ара байланышкан милдеттердин комплекси аныкталат. Педагогика жана дене тарбия факультетинин салттарын эске алуу менен практика жалпы билим берүүчү мектептерге багытталган. Бул модель боюнча өспүрүмдөрдүн спорт мектептеринде, спорт клубдарында жана ден соолукту чыңдоо иштерин жакшыртуучу башка структураларда практика программасы түзүлүүдө. Практиканын ар бир этабы үчүн студент-практиканттын максаты, милдеттери, мөөнөтү, мазмуну, ишинин багыттары, атайын билимге, билгичтикке, көндүмгө талаптар ж.б.лар так таризделет. Ошону менен бирге практикалык окуунун төмөнкү багыттарда бара-бара татаалдашы байкалат: иш-аракеттин объектиси, иш-аракеттин мазмуну, иш-аракеттин мүнөзү жана уюштуруучулук, проектилөөчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу.

Студенттердин педагогикалык практикасынын мазмуну биз тараптан профессионалдык даярдыктын төмөндөгү багыттарын эске алуу менен иштелип чыккан: а) студенттерди коомдук-педагогикалык ишке теориялык жактан даярдоо; б) студенттер менен дене тарбия, эс алуу жана спорттук иш-чараларды уюштурууда түздөн-түз практикалык машыгуу; в) системалуу мониторинг педагогикалык практиканын бүткүл системасын башкаруу жана контролдоо каражаты катары.

Педагогикалык практиканы уюштуруучулук-методикалык жактан камсыз кылуу үчүн биз программа түздүк. Ага окуу практикасын уюштуруу жана өткөрүү боюнча инструкциялар тиркелет: студент-практиканттар үчүн жүрүм-туруму жана студенттер менен болгон мамилеси боюнча сунуштар; практиканын этаптары жана түрлөрү боюнча студенттер үчүн тарбиялык-педагогикалык милдеттер. Бул материалдар ырааттуу түрдө ачып берет: ар бир этаптын максаты; педагогикалык даярдоонун түрлөрү, студенттин практикалык ишмердүүлүгүнө талаптар; уюштуруучулук, долбоорлоочулук жана илимий-изилдөөчү билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн тизмеси; тарбиялык жана практикалык милдеттерди, алардын аткарылышы студенттерди кесиптик даярдыктын тиешелүү деңгээлине жеткирет.

Баштапкы (нөлдүк), эки аралык жана контролдук текшерүүнүн (срез) маалыматтарын салыштырып, талдоо жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөө иштеринин натыйжасында болочок дене тарбия мугалимдеринин кесиптик даярдыгынын деңгээлинде оң динамика бар деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди (3.4-таблица). Бул изилдөө гипотезанын тууралыгын тастыктады.

3.4-таблица – Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануу деңгээлдерин баалоо (жыйынтыктоочу текшерүү)

| Топтор | Адамдын саны | Келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлдери | | | | | | X |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | I.Төмөнкү | | II.Орточо | | III.Жогорку | | |
| | | саны | % | саны | % | саны | % | |
| КТ1 | 25 | 6 | 25,0 | 11 | 43,8 | 8 | 31,3 | 2,1 |
| КТ2 | 23 | 5 | 21,4 | 8 | 35,7 | 10 | 42,8 | 2,2 |
| ЭТ1 | 24 | 3 | 13,3 | 7 | 26,7 | 14 | 60,0 | 2,5 |
| ЭТ2 | 23 | 3 | 14,3 | 7 | 28,6 | 13 | 57,1 | 2,43 |

Жыйынтыктоочу текшерүүнүн натыйжалары эксперименталдык тайпаларда оң динамиканын бар экендигин далилдеди алар көбүнесе ЭТ1 жана ЭТ2 тайпаларда көрүнөт. Эксперименттик-изилдөө иштеринин жалпылоочу этабында алынган натыйжалардын объективдүүлүгү жана ишенимдүүлүгү далилденди.

## КОРУТУНДУ:

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылаштырганда төмөнкүдөй бүтүм-тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

1. Проблема боюнча психологиялык, педагогикалык жана методикалык адабияттарга теориялык анализдер жүргүзүлүп, жогорку билим берүү системасында педагогикалык практиканы уюштуруунун учурдагы абалы жана орду талданды. Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун маселелерин иликтеп чыгып, кесипке калыптануунун жалпы багыттары, шарттары жана факторлору аныкталды. Болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусундагы башкы максат болуп, алардын үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылуу экендиги такталды.

2. Системалык, ишмердүүлүккө жана инсанга багытталган мамилелердин негизинде кесиптик даярдык деңгээлин жогорулатууга багытталган педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалимин кесиптик даярдоонун структуралык-функционалдык модели иштелип чыгылды. Модель төмөнкү блокторду камтыйт: максат коюу блогу, мазмундук блок (уюштуруу, окуу-методикалык жана изилдөө компоненттери менен көрсөтүлөт), технологиялык блок, функционалдык блок (адаптациялык, окутуу, тарбиялоо,

өнүктүрүү жана диагностикалык функцияларды аткаруу) жана башкаруучу блок. Иштелип чыккан структуралык-функционалдык моделдин өзгөчөлүгү болуп келечектеги дене тарбия мугалиминин кесиптик ишмердүүлүгүнүн индивидуалдык стилин калыптандырууга көмөктөшүүчү педагогикалык практика процессинде инсанды кесиптик ишмердүүлүккө тартуу болуп саналат. Иштелип чыккан моделди ишке ашыруунун натыйжалуулугу төмөнкү этаптарды камтыган изилденүүчү процесске мониторинг жүргүзүү менен камсыз кылынды: кесиптик даярдоонун максаттарынын педагогикалык таксономиясын аныктоо, уюштуруу жана даярдоо иштери, кесиптик даярдоо динамикасынын диагностикасы, талдоо жана диагностикалык натыйжаларды талкуулоо, инсандын кесиптик даярдыгын болжолдоо, структуралык-функционалдык моделдин мазмунун оңдоо, учурдагы диагностика, структуралык-функционалдык моделдин өзгөрүшү, жыйынтыктоочу диагностика кирет.

3. Аныкталган педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип жыйынтыкталды. Түзүлгөн моделдин жана мониторингдин негизинде педагогикалык практика процессинде болочок дене тарбия мугалимин кесиптик даярдоонун натыйжасы болочок дене тарбия мугалиминин кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу болуп саналат. Эксперименттик иштин жыйынтыктары, жогорку окуу жайларында педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусунун теориялык жоболорунун практикалык маанилүүлүгү толугу менен далилдеди. Болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусу төмөндөгүлөрдүн негизинде аныкталды: 1) студенттердин педагогикалык практика учурунда дене тарбия мугалиминин ишмердүүлүгүнүн теориялык жана практикалык даярдыгынын сапаты аркылуу; 2) отчеттуулукту тапшыруу деңгээлдери аркылуу; 3) конференцияда сүйлөп чыгуулары жана докладдары аркылуу; 4) методист жана мектеп тарабынан берилген тапшырмалардын аткарылышынын сапаты аркылуу; 5) студенттердин кесиптик ишмердүүлүккө калыптануусун анкета жана тест жүргүзүү аркылуу билүү; 6) кесипке калыптандыруу маселесин психологиялык-педагогикалык циклдин (предметтик-методикалык, педагогикалык, психологиялык) дисциплиналары боюнча; 7) педагогикалык практиканын жумушчу программаларында түзүлгөн маселелерди эске алуу менен комплекстүү чечүү; 8) педагогикалык практиканын бөлүнгөн комплекстүү милдеттери окуу сабактарында, класстан тышкаркы жана тарбиялык иш-чараларда билим берүү, тарбиялоо, өнүктүрүү (предметтик, метапреметтик, инсандык-баалуулук) милдеттеринин жыйындысын өз ара байланышта ишке ашыруу жолдору сунушталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Болочок дене тарбия мугалимдерин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптандыруу комплекстүү окуу-тарбия жараянында колдонуу жөнүндөгү илимий-теориялык ой-пикирлердин басымдуу экендигин эске алып, анын мазмунунун жана методикалык жактан камсыздалышынын белгиленген логикасына ылайык бул **сунуштарды** берүүнү туура көрдүк.

1. Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусуна системалуу мамиле жасоо эффективдүү болот.

2. Педагогикалык практиканы моделдештирүү болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусун гана эмес, алардын илимий ишмердүүлүктөрүн дагы өркүндөтөт.

3. Педагогикалык практика болочоктогу мугалимдерди даярдоонун эң негизги звеносу: окуу практикасын (таанышуу), дене тарбияны окутуунун теориясы жана методикасы боюнча лабораториялык сабактарды мектептен өткөрүү; 4-курста өндүрүш практикасын (мектеп педагогикалык, машыктыруучу жана профиль боюнча) тандап алган спорттун түрү боюнча балдар-өспүрүмдөр жана спорт мектептерине чыгаруу.

4. Мектеп окуучуларынын дене тарбиясы боюнча дене тарбия адистигин даярдаган жогорку окуу жайлар студенттер үчүн сунушталган мектеп тибиндеги лагерде балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча жайкы педагогикалык практиканы илимий-методикалык жактан камсыздап өткөрүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. **Үсөн уулу Ж**. Мухаммед Бабур о спортивных играх центральной Азии (по материалам «Бабур Наме») [Текст] / Ж. Үсөн уулу //Алтай государственного университета. Журнал здоровье человека, теория и методика физической культуры и спорта. - Барнаул, 2015. – С.7-10. http://elibrary.asu.ru/xmlui/handle/asu/1184

2. **Үсөн уулу Ж.** Болочок дене тарбия мугалимдерин кесипке адаптациялоо процессинин факторлору [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Вестник Ошского государственного университета. - Ош, 2015, - №4, – С. 191-193. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2015-4-1.pdf

3. **Үсөн уулу Ж.** Болочоктогу дене тарбия мугалимдерин сабакты талдоого калыптандыруу [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Вестник Ошского Государственного Университета. - Ош, 2016. - №1. – С. 243-247. https://elibrary.ru/item.asp?id=28431405

4. **Момуналиев, С., Үсөн уулу Ж.** Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптануусун моделдештирүү [Текст] / С.Момуналиев, Ж. Үсөн уулу // Вестник Кыргызской государственной юридической академии. – Бишкек, 2016.- №4. –С.219-224. (печатная)

5. **Үсөн уулу Ж.** Жогорку окуу жайларында практиканын уюштурулушунун абалы [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №10. – С. 122-126. https://elibrary.ru/item.asp?id=38569733

6. **Үсөн уулу Ж.** Болочоктогу дене тарбия мугалиминин кесиптик калыптануусунда педагогикалык практиканын орду [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №10. – С. 113-117. https://elibrary.ru/item.asp?id=38569731

7. **Үсөн уулу Ж.** Олимпиадалык билим берүүнүн пайда болушунун тарыхый өбөлгөлөрү [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Вестник Ошского Государственного Университета. - Ош, 2019. - №1. – С. 150-154. https://elibrary.ru/item.asp?id=37957343

8. **Үсөн уулу Ж.** Кыймыл оюндары жана классификациясы [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Вестник Ошского Государственного Университета. - Ош, 2020. - №4. – С. 293-298. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2020-s4-2.pdf

9. **Үсөн уулу Ж.** Кыймыл оюндарын тарбиялоо процессинде колдонуунун артыкчылыктары [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Вестник Ошского Государственного Университета. - Ош, 2020. - №4. – С. 289-293. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2020-s4-2.pdf

10. **Үсөн уулу Ж.** Келечектеги мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №2. – С.238-242. https://elibrary.ru/item.asp?id=45701005

11. **Үсөн уулу Ж.** Болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусу [Текст] / Ж. Үсөн уулу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2023. - №7. – С.230-233.http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/archive

12. **Момуналиев, С., Үсөн уулу Ж.** Формирование профессиональных навыков будущих учителей физической культуры [Текст] / Ж. Үсөн уулу, С.Момуналиев // Бюллетень науки и практики.– РФ, г.Нижневартовск, 2024. Т.12 №4. С. 530-537. https://elibrary.ru/contents.asp?titleid=56662

**Үсөн уулу Жыргалбектин “Педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипке калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**


**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** болочок мугалим, дене тарбия жана спорт, педагогикалык практика, моделдештирүү, кесиптик-методикалык ишмердүүлүгү, таанып-билүү, методдор, методология, принцип, кесипке калыптануу.

**Изилдөөнүн максаты:** педагогикалык практика учурунда болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесипкөйлүккө калыптануусунун педагогикалык шарттарын негиздөө.

**Изилдөөнүн обьектиси:** болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесиптик даярдыгын педагогикалык практика учурунда калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесиптик билим менен чеберчиликтерин педагогикалык практика учурунда калыптандыруу жана тереңдетүүнүн конкреттүү жол-ыкмалары.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары:**

1. Изилдөө проблемасына байланыштуу илимий булактарды талдоонун негизинде болочоктогу дене тарбия педагогдорунун педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусунун теориялык негиздери аныкталып, мүмкүнчүлүктөрү системалаштырылды.

2. Системалуу ишмердүүлүккө жана инсанга багытталган мамилелердин негизинде келечектеги дене тарбия мугалимин педагогикалык практика процессинде кесиптик даярдоонун структуралык-функционалдык модели иштелип чыкты. Ал ичине максат коюу, мазмундук, технологиялык, функционалдык жана башкаруу блокторду камтыйт. Сунуш кылынган моделдин өзгөчөлүгү болуп келечектеги дене тарбия мугалими тарабынан кесиптик ишмердүүлүктүн индивидуалдык стилин ачууга көмөктөшүүчү педагогикалык практика процессинде инсанды кесиптик ишмердүүлүккө тартуу саналат.

3. Иштелип чыккан моделдин ЖОЖдордо болочок дене тарбия мугалимдердин педагогикалык практика учурунда кесипке калыптануусуна натыйжалуу каражат экендиги педагогиалык эксперимент аркылуу аныкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн методдору:**

- теориялык: илимий адабияттын, педагогикалык практиканын программаларынын, практиканттардын күндөлүктөрүнүн, отчетторунун, чыгармачылык иштердин, контролдук тапшырмалардын, мүнөздөмөлөрдүн теориялык талдоо, теориялык моделдештирүү;

- эмприкалык: тажрыйбалык иш, байкоо жүргүзүү, анкеталоо, тестирлөө, аңгемелешүү, сурамжылоо, математикалык статистиканын методдору.

- проблема боюнча илимий-методикалык адабияттардын теориялык талданышы; анкета жүргүзүү, аңгемелешүү, тесттерди алуу жана алардын жыйынтыктарын анализдөө (студенттер, дене тарбия мугалимдери, класс жетекчи жана методисттер). Педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана сапаттык, сандык талдоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** анын жыйынтыктарынын жогорку окуу жайларында педагогикалык практиканы эффективдүү уюштурууга жана болочоктогу дене тарбия мугалимдеринин кесиптик калыптануусун өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк бере тургандыгында.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационной работы Усон уулу Жыргалбека на тему: “Педагогические основы профессионального формирования будущих учителей физическое воспитание в процессе прохождения педагогической практики” на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01- общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** будущий учитель, физическое воспитание и спорт, педагогическая практика, моделирование, профессионально-методическая деятельность, познание, методы, методика, принцип, профессиональное становление.

**Цель исследования**: установить педагогические условия профессионального становления будущих учителей физического воспитания в ходе педагогической практики.

**Объект исследования:** процесс формирования профессиональной подготовки будущих учителей физического воспитания в ходе педагогической практики.

**Предмет исследования:** конкретные методы формирования и углубления профессиональных знаний и умений будущих учителей физической культуры в ходе педагогической практики.

**Научная новизна исследования:**

1. На основе анализа научных источников, связанных с проблемой исследования, определены теоретические основы деятельности будущих учителей физического воспитания в ходе педагогической практики и систематизированы их возможности.

2. Разработана структурно-функциональная модель профессиональной подготовки будущего учителя физической культуры в процессе педагогической практики, основанная на системной деятельности и личностно-ориентированных установках. Он включает целеполагающий, содержательный, технологический, функциональный и управленческий блоки. Особенностью предлагаемой модели является вовлечение человека в профессиональную деятельность в процессе педагогической практики, что способствует раскрытию будущего учителем физкультуры индивидуального стиля профессиональной деятельности.

3. Путем педагогического эксперимента установлено, что разработанная модель является эффективным инструментом профессионального становления будущих учителей физической культуры в вузах в ходе педагогической практики, и разработаны научно-практические рекомендации.

**Методы исследования:**

- теоретические: теоретический анализ, теоретическое моделирование научной литературы, программ педагогической практики, дневников интернов, отчетов, творческих работ, контрольных задач, характеристик;

- Эмпирический: экспериментальная работа, наблюдение, анкетирование, тестирование, интервью, опрос, методы математической статистики.

- теоретический анализ научно-методической литературы по проблеме; проведение анкетирования, собеседования, сдача тестов и анализ их результатов (учащиеся, учителя физкультуры, классные руководители и методисты). Педагогическое экспериментирование и качественный и количественный анализ.

**Практическая значимость исследования** заключается в том, что его результаты дают возможность эффективно организовать педагогическую практику в высших учебных заведениях и повысить профессиональное становление будущих учителей физического воспитания.

## SUMMARY

**dissertation work on the topic: "Pedagogical foundations of professional formation of future physical education teachers in the process of teaching practice" Uson uulu Zhyrgalbek, written for the academic degree of candidate of pedagogical sciences in specialty 13.00.01 - general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Key words:** future teacher, physical education and sports, teaching practice, modeling, professional and methodological activity, cognition, methods, methodology, principle, professional development.

**Purpose of the study:** to establish pedagogical conditions for the professional development of future physical education teachers during teaching practice.

Object of study: the process of forming the professional training of future physical education teachers during teaching practice.

**Subject of research:** specific methods of forming and deepening the professional knowledge and skills of future physical education teachers during teaching practice.

**Scientific novelty of the research:**

1. Based on the analysis of scientific sources related to the research problem, the theoretical foundations of the activities of future physical education teachers during teaching practice are determined and their capabilities are systematized.

2. A structural-functional model of professional training of a future physical education teacher in the process of teaching practice has been developed, based on systemic activities and personality-oriented attitudes. It includes goal-setting, content, technological, functional and managerial blocks. A feature of the proposed model is the involvement of a person in professional activity in the process of teaching practice, which contributes to the disclosure by the future physical education teacher of an individual style of professional activity.

3. Through a pedagogical experiment, it was established that the developed model is an effective tool for the professional development of future physical education teachers in universities during teaching practice, and scientific and practical recommendations were developed.

**Research methods:**

- theoretical: theoretical analysis, theoretical modeling of scientific literature, teaching practice programs, intern diaries, reports, creative works, test tasks, characteristics;
- Empirical: experimental work, observation, questioning, testing, interviews, survey, methods of mathematical statistics.
- theoretical analysis of scientific and methodological literature on the problem; conducting surveys, interviews, taking tests and analyzing their results (students, physical education teachers, class teachers and methodologists). Pedagogical experimentation and qualitative and quantitative analysis.

**The practical significance** of the study lies in the fact that its results make it possible to effectively organize teaching practice in higher educational institutions and improve the professional development of future physical education teachers.

Кагаздын форматы 60 х 90/16. Көлөмү  1,5 п. л.
Офсеттик кагаз.Нускасы  50 даана.
“Софбасмасы” ЖЧК да басылып чыкты
720020, Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 92.